жаш калем

Дүйшеке Дөкөнбаев

# КӨК–КЫЯДАГЫ ОКУЯ



Дүйшеке Дөкөнбаев

# КӨК–КЫЯДАГЫ ОКУЯ

АҢГЕМЕЛЕР

ФРУНЗЕ «МЕКТЕП» 1980

84 Ки 7
Д 71

*Жаштар үчүн*

**Дөкөнбаев Дүйшеке.**

**Д 71** Көк-Кыядагы окуя: Аңгемелер. Жаштар үчүн.— Ф.: Мектеп, 1980.— 48 бет.

Жаш калемдин бул жыйнагына топтолгон аңгемелер улан-кыздардын ар тараптан торолушуна таасир этип, көркөм образ аркылуу адептүүлүк жана ар-намыс жөнүндө өзүнчө ой айтууга аракеттенген.

Д $\frac{70700-105}{М\ 452\ (17)-80}$ 215—80. 4702280200.

С (кирг) 2
ББК 84 Кн7

© «Мектеп» басмасы, 1980-жыл.

## КАРГА КӨМҮЛГӨН ИЗ

Кебер муз каптап тоңгон айнек катуу чертилди.

— Бекжан!.. Э, Бекжан!..

Жылуу төшөккө жаңы кирип, таттуу уйкуга көшүп бараткан Бекжан шарт башын көтөрдү.

— О эмне? Бу, ким?

— Мен, мен элемин,— ферма башчысынын коңур үнү.

— О, какмарлар...— Куш уйкуда жаткан апасы өзүнчө сүйлөдү.— Түн ичинде да тынч коюшпайт.

— Тиги, Ичке-Булактагы коңшу колхоздун жылкычысы кызын алып келиптир. Толготуп чыдай албай жатат. Биздин доктур дары-дармек алганы кечээ совхоздун борборуна кетти эле. Үчүнчүгө жеткирбесек боло турган эмес. Тезирээк кийинип, тракторуңду от алдырчы?

Уйку-суроодо баш көтөргөн Бекжандын жүрөгү катуу булкуп алды.

«Гүлшан?! Ичке-Булакта анын атасынан башка жылкычы жок. Ошол!»

— Э, Бекжан! — Кардын кычыраган добушу узай берип ферма башчысы кайрадан үн салды.— Эгер чарчап турсаң анда тракторуңду Сатышка бер. Ал бүгүн бош болду, жеткирип келсин.

— И, ырас болбодубу! Туруп тракторуңду от алды-

рып берип, жатып эс ал. Кечке бороондо жүрүп ансыз деле кыйналдың го...

«Гүлшан! Демек аны менен отуң күйүшө алган эмес экен да. Сенин баркыңа ал акмак кайдан жетсин?! Бир паста уйкусу тарап Бекжан кийинүүгө киришти.

Сырттан бороон озондоп, үйдүн чатырынан бошогон тунуке темирдин итиркейди келтирип «карч-курч» эткен добушу угулат. Үй ичи караңгы.

— Өзүм эле жеткирип келем! — Бекжан шарт ордунан туруп, босогодо илинген чолок тонун сыйпалап таап, эшикти көздөй жөнөдү. Энесинин наалыган кобуруна кулак салган жок.

Кышкысын тоо арасында ат бура тарта албаган калың кар түшүп, башка жактар менен байланыш, катнаш болбой калганда ишеничтүү жалгыз унаа — фермадагы чынжыр таман тракторлор: жоон эки карагайлардын капталдарын сомдоп жиберип, таманына эндүү шынаа уруп, үстүн шыryktар менен аштаган эби-сыны жок чана сүйрөп малга чөп-жем ташуу, совхоздун борборуна каймак-сүт жеткирүү, ал тараптан элге, фермага керектүү товар-материалдарды алып келүү өңдүү чарбалык жумуштардын баарын ошолор аткарышат. Аларсыз чарбанын да, ушул алыскы тоонун арасында жашап, эмгектенишкен адамдардын да тиричилиги өтмөк эмес. Ошондуктан, чынжыр таман тракторлор кышкысын баалуу, аны айдаган трактористтер барктуу. Ар бир тракторист күз башынан баштап өз тракторун кышка камдоого киришет. Жешилип, бүгүн болбосо эртең иштен чыгып калчу тетиктерин алдын ала алмаштырып, бошогондорун бекитип, байгеге түшчү күлүктөй сылапсыйпап түйүндөрдүн сүрүлүшкөн жерине май шыкап, алардын иштешин кылдат текшерип чыгышат. Ар бир трактордун өзгөчөлүгү ар башка, аны ошол трактордун ээси гана билип, башкалар үчүн ал жашыруун сыр. Оңой менен бирөөгө ачып беришпей, кимиси болбосун тракторунун ошол өзгөчөлүгү менен сыймыктанышып,

ага атайы эле бел байлап ишеним кылышат, тай кезинен таптап минген жылкыдай имериле карап, ага болгон сүймөнчүгү артып турат.

Кыш түшөргө жакын фермага ДТ — 75м маркалуу трактор келип, аны Бекжанга ыйгарышкан. Башка чынжыр таман тракторлорго караганда ал кыйла күчтүү, кабинасы жылуу, эң негизгиси жүрүшү ылдам жана жумшак болучу. Балким ошол себептенби, ферма ичиндеги жогоркудай зарыл жумуштардын көпчүлүгү Бекжандын үлүшүнө тие турган. Жылуусу али кайта элек моторду от алдырып, астына каттап жууркан-төшөк төшөп калың кийинген келинди катарына отургузуп, Бекжан фермадан чыкты.

Жол төө өркөчүндөй ийрилген кырка тоону капталдап кыйла жерге чейин түз, анын үстүнө өткөн жайда шагыл төгүп, энин кеңейтип, бийиктетип салган. Ага этектешип жаткан кең өрөөнду каптай урган бороондон буйткада болгон үчүн жол бетин анча күрткү басчу эмес. Тээ, карарган тумшуктун имерилишине чейин кыштын катуу болгонуна карабастан кар тизеден ашпайт. Бул жолдун ар бир бурулушу, уңкул-чукулу Бекжанга жат болуп бүткөн: шагыл төгүлүп кеңейтилген жонду капталдап, бирде жар боорлоп, бирде ойго түшүп анан ачык өрөөнду кыйгачынан кесип өтүп үчүнчүнү көздөй бурулат. Бекжан баса турган жол ушул; экинчиси оңго кайрылып, мөөндөй ичке капчыгайдан агып түшкөн сууну бойлоп олтуруп Каракырдын алдындагы катар тизилген үймөктөр менен силос көмүлгөн аңдарга барып такалат. бул жол менен Бекжан күн сайын мал короолорго чөп-силос ташыйт. Бүгүн да ал эки ирет чөп басып келди. Эртең менен үймөктү көздөй өткөндө жолдун нугу кадимкидей билинип жаткан, жаңы үймөк бузуп, шериги экөө чаналарына чөп басып кайра чыгышканда алай-дүлөй түшкөн бороон жолду бүтөп, биротоло жылмалап салыптыр. Мындан эки-үч саат мурун өткөн тракторлордун изderинен дайын жок. Белче-

синен карга тыгылып, айлалары кеткенде эки тракторду бири-бирине чиркеп, улам бир чананы сүйрөшүп, кеч бешимде араң жолго чыгышты. Экинчи жолу үймөккө кеч кире келип, эл жаткандан кийин гана фермага жетишкен. Катуу кыйналган Бекжан колу-бутун тартууга шайы келген жок, апасы жылыткан тамакка да карабай, төшөккө кулаган. Жарым саат өтпөй минтип кайрадан жолго чыгууга туура келди.

Удай ачуу өкүнүчкө жүрөгү мыжылып жигит өзүнчө улутунат.

— Эх, Гүлшан! Гүлшан...

Алды тараптан көтөрүлгөн кар тозоңунан боз-ала болгон трактордун чынжыр тамандары жумшак карды буркуратып тынымсыз шарактайт. Бирок, жан кыйнап анча силкилдебейт. Бир калыпта күүсүн чалган кубаттуу мотор зуулдаган бороондун добушун басып, тизеге жетпеген кар күрткүсүн буюм көрөр эмес. Бириндеген аппак бүртүкчөлөр муздак абада жай калкып, кош фара жара тилген коюу караңгылыкка тереңдеп сүңгүп трактор алыстап бара жатты.

Мезгил анда күзгө таяп калган. Эки жылдык трактористтердин курсун бүтүрүп келген Бекжан Т-40 маркалуу дөңгөлөктүү тракторго прицеп чиркеп алып, ар кайсы капчыгай менен жондордо малчыларды тейлеп жүрдү: мал кыштай турган короо-сарайларга жем, чөп ташып, жылуулаганга курулуш материалдарын жеткирет; кээ бир малчыларды фермага жакындатып көчүрүп барып, алардын отун-суусуна жардам берет. Эртеден-кечке тыным жок. Кыштын камы. Бир сапар Ичке-Булактын төрүндөгү үч короо койго туз жеткирип, шатыратып куюп келаткан жаандан улам ээрдин белиндей кайкайган жонду ашып, Туура-Сууга түшүп кетти. Сай түбүндөгү сууну бойлоп таштуу жол кетет, жайкысын тынбай машина жүргөн чоң жол. Жаан бирде шатыратып көнөктөп куюп келет да кайра сээлдеп дыбырап майдалайт. Кар баскан чокулардан дене ичиркенткен

муздак шамал согуп, кечээ эле жадырап турган жайлоонун ыраңы өчкөн. Тоо арасы эми көрксүз.

Бекжан жаандан корголоп жар түбүндөгү турган кызды байкаган эмес экен, өтө берип тормозду басты.

— Кайда барасыз?

Ээн тоонун арасында кызды учуратам деп эч качан ойлогон эмес.

— Мен... шаарга барат элем.

— Шаарга?

Бул жерден шаарга чейин жүздөн ашык чакырым, малчылар көчүп кеткенден бери автобус бул өрөөнгө каттабай калган. Жакадан четки айылга чейин отузга жакын чакырым — трактор үчүн эки саатка жетпеген жол. Акыркы автобус ал жерден саат жетилерде кетет. Азыр саат төрт, дагы үч саат убакыт бар. Бекжан тобокелге салды. Үчүнчүгө кайрылбай көпүрөдөн өтүп, жар боорлоп кыялап кеткен жол менен бийик жонго чыга келди. Алдыда белестен-белести ашып, карагай черди аралап, жаканы бет алып созулуп кеткен жол жаткан.

— Гүлшаана,— жайдары жылмайган кыз колун сунуп өз ысымын атады.

— Бекжан,— бал-бал жанган кыздын көздөрүнө арбалып жигит ооз учунан үн катты. Ушул учурдан баштап аны белгисиз купуя сезим бийлеп алды: көңүлүндө кыз, көз алдында анын элеси. Кайда болбосун өзү менен бирге; жуманын аралыгы жылга узарып, сагынчы артып кусадар, самаганы ага жолугуу, сүйлөшүү, аны менен бирге болуу... Канча түндөр уйкусуз өттү, көзү чырмалса, канча ирет түшүндө көрбөдү. Алтынчы күнү фермадан уурданып чыгып, майда колоттордун бирине прицебин катып таштап, канча жолу кызды тосуп чыкпады.

— Гүлшан!.. Мен сени мындан ары Гүлшан деп чакырып жүрөйүн,— жигит өз дилинде ага ыйгарган атын атайт.

— А мени үйдөгүлөр «Гүкү» деп эркелетишет.

— Жок, мен сени эч ким атабаган ат менен чакыргым келет! Гүлшан деп эркелетейин...— Кыз уяң жылмаят. Анын жылмайышы өзгөчө жарокер. Балбылдаган көздөрүнө тигилип, сүйүү кумарына мас болгон жигит өмүрүндө биринчи жолу адепсиздик кылып кыздын ууртунан өбөт. Колдору анын ичке белине оролуп, имере өзүнө тартат. Апкаарыган кыз жигиттен көздөрүн ала качып, татына таноолору көөп, дем тарталбай энтигет. Эки бети албырып, эркине баш ийбеген колдору жигиттин ийиндерине өзүнөн өзү сунулат.

— Беки! — дейт кыз шыбырап.

— Апам мени Бекен дейт.

— А мен сени Беки деп чакырам. Беки!..

Кубанычы койнуна батпай жигит эми кызды жаш баладай таптак көтөрүп, маңдайдагы асман тиреген асканы көздөй умтулат, анын шаңга толгон добушу бири-бирине ыкташып көшүлгөн аска-зоолорго бүлүк салып тоо ичи эми күү-шаа:

— Эй, тоолор! Угуп койгула-а, менин сүйгөнүмдүн аты Гүлша-ан! Гүлша-ан!.. Бардыгыңар тең биздин сүйүүбүзгө күбө болгула-а! Күбө болгула-а... Гүлша-ан!.. А-аа...

Эх, ошондогу жаратылыштын кооздугу ай!.. Ырас, мезгил күз болучу: тоо башын ак чалып, жылга-жыбыт, керме жондор көзгө көндүм жашыл түсүн өзгөртүп саргарып күнгө күйүп, эртели-кечки боз кыроого басылып, бүгүн болбосо эртең эле каптап келүүчү кыштын ызгаарын күтүп жаткан. Бирок, Бекжанга бүтүндөй айлана алтын буусуна кармалып, ар бир урчук таш, аска-зоокалар, тээ көпкөк асман фонунда шаңкайган ак мөңгүлөр өздөрүнөн эми нур чыгарып, түбөлүккө жаркырап тургандай сезилди. Кереметтүү сезимдин таасирине балкыган жигит бул тапта бардыгын унутуп эстен чыгарып, нур чалган ошол өзгөчө чөйрөдө канатсыз калып, махабаттын таттуу ширесин татып жүрдү... Мындайда

убакыт закым эмеспи, бактылуу мүнөттөр сааттын жебеси менен эсептелбей, ал учур жүрөктүн ар бир кагышы менен канга сиңип, бойго тарап көңүлдүн тереңине коргошундай уюйт белем. Кылым санаган өмүр болсо да эч көөнөрбөй, мезгилге моюн сунуп ширеси алгачкы даамынан кайтпай соңку дем алууга чейин күнү бүгүнкүдөй сакталып кала берерин ал анда билген эмес экен...

Көп узабай аскердик милдетти өтөөгө чакырылып, эки жыл аякта жүрдү. Андан өткөн май айында гана кайтып келди. Эки жыл эки кылымга татып, бир көрүүгө зарыгып, кусадар болуп келген жигит нечен кайрып болжошкон жеринен сүйгөнүн таппай калды: ал келерден жарым ай мурун кызды коңшу колхоздун зоотехниги ала качып кетиптир... Гүлшан менен таанышкан күндөн баштап ар бир түйүнү ага болгон назик сезим менен ширетилип таттуу кыял, терең максат менен тургузулган бакыт сарайы көз ирмемде урап түшүп, Бекжан эми эс-нес. Кумар менен үмүткө толгон жаадыраган шаңдуу дүйнө бир паста соорусун салып, күзгү жайлоодой көзүнө аңгырап ээн көрүнүп кетти. Кайсы тарапка багыт аларын билген жок, колунан бакыт кушун учуруп томсоруп, отуруп калды...

— А-ай!

Оюнан жаңылып, тормоздун педалын кескин басты Бекжан. Жоон санга жете жаздаган калың карды буркуратып жиреп бараткан трактор тык токтоду. Жол тоо капталынан ачаланып, өрөөн тарапка бурулуп калган. Келин чалкалап, буттарын иретсиз сунуп жиберип, колдорун тарбаңдатып, асмандан бир нерселерди издеген болот. Тар кабинанын ичинде бүткүл тулкусу менен буралып, жанын коёрго жер таппай улам бир капталына толгонот. Кара терге түшүп бир паста оң алааттан кетип, аба жетпей жаткансып улам күчөп энтигет. Бекжан ылдамдыкты азайтууга зорго үлгүрүп, газды азайтты. Тоого келгенин алгач түшүнгөн жок, жан ала-

кетке түшүп кыйналып жаткан келинди саамга карап калды.

Анын көз алдында тал чыбыктай буралып, кыранда өскөн тоо гүлүндөй жаадыраган кыздын сүйүктүү элеси тартылды. Жигит ушул элес менен гана жашап, мезгилинде аны менен кубанычын да, кайгысын да тең бөлүштүрчү, көңүл өрөпкүткөн кусалык эркин бийлеп, кыз менен жолугуучу, аны менен бирге болуучу күндү самап, кыйла убакыт сары убайымга батып сагынычы артып жүргөн. Аны эстегенде караңгы түнү жаркыган күнгө айлануучу, ага туш келген өз тагдырына чексиз ыраазы эле. Эң бактылуу адам Бекжан болучу анда.
Мына эми ага кайрадан кездешип отурат.

Гүлшан!.. Анын махабаты, тунгуч сүйүүсү...

Ак жуумал бетин калың сепкил жаап, кыйналуудан жаак ылдый салаа-салаа тер куюлуп, кыйма-чийме бырыш баскан келиндин жүзүнө тигилип, Бекжан оор улутунат. Тагдырдын не деген тамашасы бу?! Үстү жактан кичине лампочканын бүлбүлдөгөн жарыгы чачырап, келиндин оту өчкөн жүзү ансыз да кер сары. Толгоосу жандыбы, денесин шалкы таштап, суусагандай кеберсиген эриндери алсыз ачылат. Татына таноолору кыпчылып, дем тарталбай энтигет. Бекжан тизелей калып, келиндин кежигесине кол сойлотуп, аны өзүнө имере тартты. Алда-качанкы унутула жаздап калган жагымдуу жыт искелип демин бууду. Чыбырчыктап тер баскан чекесин аяр сылап, калың жоолуктан булайып чыккан коюу чачтарын иреттей, анын жүзүнө ыңталуу тигилди.

— Гүлшан! — Эриндери титиреп, үнү калтаарып чыкты. Бул ат көңүлүнүн түпкүрүндө гана айтылып, көптөн бери үн чыгарып бир да жолу атаган эмес.

— Гүлшан...

Дир-дир этип мотор жай иштеп жаткан. Бороон да дымып, тар кабинанын ичи жымжырт.

Келин көздөрүн ачты, эми гана көрүп жаткансып

Бекжанга тигилди. Кан-сөлсүз кубарган жүзүн муңайып жылмаю чайып, канталап, тиштердин тагы өткөн жука эриндери шыпшынгандай алсыз тартылды:

— Ушинтип жолукмак экенбиз да...— деди ал кыйнала үн катып.— Сен мени күнөөлөбө Беки... Мен... Мен ансыз да бактысызмын...— Кирпиктери кайра жумулуп, алардын арасынан туптунук кош тамчы сызылып чыкты да, саам өтпөй жаагы ылдый төмөн кулады.

* * *

Тоо капталынан бурулуп, өрөөнду бет алган трактордун ылдамдыгы кескин азайды. Мотордун күч менен иштеп жатканына карабастан бир аздан соң укум да жылбай калды: тынымсыз айланган сансыз тиштер шекердей шыркыраган аппак карды артка шилеп, заматта карартып жер бетин тытат. Алга жылыш жок. Аргасы түгөнгөн Бекжан кайра артка берди. Өзү тыгылган күрткүнү айланып өтүү үчүн солго буруп, жолдун нугунан биротоло чыгып, эми ээн талаага салууну ойлоду. Өрөөнду кесип өткөн жолдун батыш тарабы арпанын аңызы, арык-чөнөк жок болууга тийиш. Трактор ордунан оор козголуп артка жылып баратып, кокусунан эле сол капталына кескин кыйшайды. Бекжан аз жерден Гүлшаананын үстүнө кулап түшкөн жок, рычагдарга кош колдоп жармашып оң тараптын тормозун чирене тепти. Радиатор бүтүндөй кырга сүңгүп, фаранын жарыгы тарай албай, алды тарап караңгы. Мотордун үнү бастай түшкөнгө бороон мурдагыдан күчөп, улуп,буркураган кар бир паста трактордун алдын көөмп жиберди.

Калың оронуп-чулганган Гүлшаана ээрин кесе тиштеп, алдыңкы айнекти кош-колдоп таянып онтолойт. Бекжан шашылып, газды демеп басат: чынжыр тамандардын бири кыймылсыз, экинчи тарабы кар шилеп артка жылды — трактор турган ордунда бурулуп карга

сүңгүгөн тумшугу суурулуп келип кокусунан эле ачуу добуш кулак тундурду:

— Чыр — рт!

Көзгө илешпеген кыймыл менен газдын рычагын өйдө серпти, Бекжан. Баятан бери иштеп жаткан мотор дирт-дирт этип алып үнүн басты. Күртку жиреп алдыга өткөн Бекжан трактордун астына колун сунуп, ошол эле замат кайра тартып алды: радиатордун ысык суусу шыркырап жерге куюлуп жатыптыр — вентилятордун калактары суу жүргөн түтүкчөлөрдү жара чаап кеткен экен...

* * *

Көп өткөн жок.

Келинди алгач жуурканга жаткырып, анын сыртынан өзүнүн суулугуна ороду. Жөлөнгүчтүн аркасынан чөп таңганда керектөөчү бир түрмөк арканын сууруп чыгып аны менен суулуктун аяк башын бекем түйдү, туюк учтап этине өтпөйбү деген ойдо ордунан козгоп ары-бери тартып да көрдү. Аркандын учун ийниндеринен өткөрө берип, көзгө сайса көрүнгүс түн түшкөн теребелге кулак түрүп тынымга тура калды.

Өрөөн анча деле жазы эмес, ашып кетсе үч-төрт чакырым. Түндүк тарабы аркайган тоо кыркаларына такалып, улам төмөндөгөн сайын кыйла жазыланып аягы түштүктү карай созулуп кеткен экинчи өрөөнгө кошулат. Жол өрөөндүн ушул кууш жерин кыйгай кесип өтүп, тиги тоо этегине жайгашкан фермага жете бербей саал жогортон чыгат. Жөө баскан адамга бир саатка жетпеген аралык.

Өрөөндө бороон күч алып турган экен: тоңгон кар Бекжандын бети-башын тызылдатып, оозунан дем талашып алгачкы эле кадамында эптигин жиберди. Этекжеңин жулмалап, борошологон кар моюндарына шыкалып кирпик-кашына камырдай жабышты. Эргенче үл-

гүрбөй чокмороктоп музга айланып, улам сүргөнүнө карабай кайрадан колдоюп катып чыгат. Чолок тондун жакасын улам көтөрүп чыгыш тараптан соккон бороонго капталын салып өрөөнду кыйгай кесип жөнөдү.

Ал жолдун нугунан чыгып, ээн талаа менен баратканын эле баамдап, антсе да «өрөөн анча деле жазы эмес, ашып кетсе бир сааттык жол, баш-аягы эми бир аз жүрсөм ферманын өзүнө болбосо да андан жогору жайгашкан уйканага туш келем. Ал жерде эки-үч короо кой кыштайт, эч болбогондо койчулардын иттери жыт алып үрүп чыгаар. Иттер сак болот эмеспи. Кантип эле ушул кенедей өрөөндөн адашайын» деп ойлоду. Кез-кезинде гана жарым-жартылай карга көмүлүп, сыртынан караганда адам эмес эле, карагайдын бир кесиндисиндей жумуру тарткан келиндин бетин аяр ачып, анын ал абалын сураганда гана болбосо атайын дем алуу үчүн тынымга да токтободу, артына арыкка окшогон терең из калтырып улам алга жыла берди. Бороон болсо эч өзгөрүүсүз. Асман менен жердин айырмасы билинбей, ышкырган абанын муздак агымы кар чачып көз ачырбайт, кымтыланганга карабастан коюн-кончко кар шыкайт. Өрөөнгө терендеп кирген сайын алай-дүлөй күчөп, демейдеги көндүм бейпил тынчтык эми ушул албуут бороонго жарыкчылыкты биротоло бошотуп берген сымал. Бирде илеп тарткан көрүктөй дымый калып, зуулдан учкан кар бүртүкчөлөрү багытын жоготуп, асманда жай калдактайт, мындай учурда Бекжанга басуу оңой, кере-кере дем алып, кадамын тез-тез алга таштайт — ага жолдун арбышы эсеп.

Толгоо кайрып кармаганча эң кур дегенде уйканага жетиш керек! Тыным өтпөй кирген суудай күркүрөп, жолуна кездешкен карагай-тал, катыган куурайларды түп орду менен жулуп кетчүдөй бороон кайрадан оолугат. Бекжан мойнун жакасына катып аргасыздан бороонго аркасын тосот. Аба жетпей деми кыстыгып, денесин нымшыган тер каптайт. Күрткү да калыңдап, буттары

жоон санга чейин карга батып, тез-тез мүдүрүлүп, аз жерден эт бетинен кете жаздап барып кайра оңолот.

Убакыттын өтүшү менен ал өзүнүн чарчаганын улам күчөп сезип жатты. Эки балтыры салаңдап, тарамыштарынын тартышы бошоң, сандары чымырап, саамга болсо да токтоп, кыймылсыз сунулууну талап кылгандай күч менен зорго шилтенет. Келиндин салмагын анча сезген эмес экен, кош ийинден өткөрүлгөн аркан карга малтып мүдүрүлгөн сайын акырек сөөгүнө батып, ачыштыра өйкөп жатты. Анын көңүлүн өзү ары-бери жүрүп, көндүм болуп көзгө жатыгып бүткөн тасмадай созулган жол ээлеп, эмнегедир анын элеси көз алдыга кайра-кайра тартыла берди.

«Жол ушул эле арада болуш керек,— деп өзүн өзү ишендире баштады,— балким бир аз жогору калгандыр. Бороон жогортон согуп, анын эпкини менен төмөндөп кетсем керек»... Саал эле жогору басса жол мизине чыгуучудай сезип, ал шарт бурулуп бороонго карай бет алды. Сууктан тотугуп, узун-туура туурулган бетине кар жабылып, көз ачырбай демиктиргенине карабай кыйла жерге чейин күчүн үрөп, күртkү жирсп келди. Эч натыйжасыз, бардык жерде кардын калыңдыгы да, анын катуу жумшактыгы да бирдей экен, өзү болжогон жедеп басырылып, мизине кар токтобой мелтиреп жатчу жол нугуна буту урунган жок. Түзү да түз, оюу да түз мелтиреген калың карга көмүлүп жаткан өрөөндөн ушул көрдөй караңгы түн алаамат түшкөн алай-дүлөйдө аны табуу жөн гана куру кыял болучу. Аргасы түгөнгөн Бекжан айланага кулак түрөт, жолду бойлоп телефондун линиясы кете турган. Ал жолдон бир аз төмөн. Өрөөнду кесип жол менен кыйла жерге чейин барып, уйканага жете бербей жолду аттап фермага кирип кетет. Зым карагайды табуу демек жолду табуу, алардын биринен сала бирин эсептеп отуруп эч адашпастан гана ферманын өзүнө жетүүгө болот. Эмне үчүн баятан эсине келбеди экен? Карга көмүлгөн жол нугуна караганда

зым карагайларды издөө алда канча жеңил эмесни. Андан бери кооптонгон көңүлүн жылт эткен шаттык бийлеп, чарчап-чаалыкканын сезбей баш көтөрүп тынымга дымып турду.

Бороон! Эч тоскоолдукка учурабай эркин соккон ээн өрөөндүн эрке бороону. Илеп тартууга үлгүртпөй энтиктирип, ызылдатып кар учуруп, тегирмендин барасындай анын күркүрөгөн добушу. Башка үн угулган жок.

«Жол да, зым карагайлар да төмөн калса керек. Өтө эле жогорулап кеткен экемин» — ал эми батышты көздөй бурулду. Бороон анын артынан түртүп, тыгылганына карабастан басуу кыйла жеңил, кардын тоңгон бүртүкчөлөрү да бети-башын ургулабай жүзүн өзүнүн жылуу деми каптап, кененирээк дем алат. Ал кыйла жүрдү. Канчалык берилип тыңшаса да шектүү үн угулган жок. Зым карагайларды табуудан бир жолу түңүлүп, бороонго капталын салып, өзү түндүк деп болжогон багытты көздөй жол тартты.

Эс тарткандан бери ушул тоо арасында жашап, жайы-кышы дебей анын оюн-кырын аралап, коёндун жатагына чейин даана билген Бекжан өзүнүн адашканына дале ишенгиси келген жок. «Балким мага көп убакыт өткөндөй сезилип жаткандыр. Түнкүсүн жол узарып кетет эмесни, өрөөндүн тиги четине чейин дагы бир топ аралык болууга тийиш». Келинди зоорго сүйрөп ал кайрадан илкийт.

— И-ий!..

Бекжан тык токтоду. Кере тартылган зымдын «чи-йв» этип бороонго чертилип жаткандай добушу угулду кулагына. Ушул үндү издеп ал канчалык убара тартты. Анын кай тараптан чыкканын аныктоого аракет кылып баш көтөрүп, түнөргөн теребелге кулак түрдү. Демек жол да, зым карагайлар да ушул арада экен. Адашпаптыр! Баса...

Кокусунан эле ийиндеринен жип катуу тартылып ачуу үн аны солк эттирди:

— А-аай! Апаке...

Жарым-жартылай карга көмүлүп, оронгон жуурканын серпип, келин кайра жаналакетке түшүп жатты. Бекжан бир аттап жетип тизелеп отура калып, жууркандын кар баскан учун кагып-силкип, анын жүзүн бороондон далдаалады.

— Эмне болду Гүлшан? Эсиңе келчи...

Келин ага көңүл бурган жок, сүйлөөгө алы келбей бүткүл тулкусу менен чирээлеп, муз тонгон колдору тынымсыз кар чапчылайт.

Алгач эч нерсеге түшүнбөй чочуй түшкөн Бекжан толгоо келгенин эми гана билди. Ал ушундан корккон. Толгоо кармаганча эптеп айыл четине жетиш үчүн канча аракет кылбады. Бир аз чыдаса фермага да жетип барат беле?

Ушундайда жол да узарып кетет өчөшкөнсүп.

— Уу — у!..

Бекжан шарт артын карады. Жүрөктүн үшүн алган бул үн жедеп кулакка сиңген бороондун добушуна окшогон жок. Караңгыга биротоло байыр алган көзүнө төрт-беш кадам алыстыкта турган шоңшойгон караан урунду. Карышкыр!

Жон ылдый кимдир бирөө муздак суу куюп жибергендей ичиркенип, ордунда кыймылсыз катып калды Бекжан. «Адашпаптырмын! — алгач эле ушул ой келди көңүлүнө,— жолдон да, фермадан да алыстап кеткен экемин. Болбосо мынчалык чукул келмек эмес». Карышкырдын эчак эле алардын изине түшүп, алыстап кетпей оңтойлуу учурду күтүп, акмалап келатканын Бекжан эми түшүндү. Адашканына эми чындап көзү жетти.

— Уу-уу!..

Табасы каньп, аны келекелеп жаткандай угулду, кулагына.

«Ата-а, эң кур дегенде чоңураак ачкыч сала чыкпай...» — ал чөнтөктөрүн сыйпалайт. Дымый түшкөн бороон кайрадан озондоп асман менен жердин арасына

алаамат салып тозоңдотуп кар сапырат. Жанар тоо атылып асман тиреген аска-зоо кулагандай күркүрөп жер солкулдайт. Бир туруп добуш өзгөртүп тынымсыз тартылган кыл кыяктын муңканган үнүндөй уңулдап кулактын кужурун алса, саам өтпөй ачуу ышкырык үрөй учурат.

— Вж — ж!.. Ыз — зз! Ш — уу!..

Жүлүнгө жеткен келиндин үнү:

— Алда апакебай:апаке-бай!.. Эмне үчүн кыз кылып төрөдүң экен-ен!?.. А-ай!

— Уу-уу!..

Карышкыр бирде калың карды жиреп алдыга өтүп, отура-тура калып көктү карап муңкана улуйт, бирде куйругун кыпчып кыңшылап алга жүткүнүп, улам ыкыс берип кол салуунун амалын издейт.

Сенектей каткан Бекжан.

Ушул мүнөттө улуп-уңшуп, ызы-чууга толгон коптуу теребел, кулак-мээни жеп ызылдап көз ачырбай кар сапырган долу бороон, араапы ачылып, арсайган тиштерин шак-шак уруп, көздөрү оттой жанган ач карышкыр; айлана-чөйрө менен эч иши жок, өмүр менен өлүмдүн талоонунда калып, ай-ааламга үнү жетип жаналакетке түшүп толгоо тарткан Гүлшаана — бардыгы тең айлан-көчөк болуп, сыйкырланган айланпадай будуңдаган карга аралашып, биринен-бири өтүп, бирин-бири кууп аны тегеренип, айланып жүргөндөй сезилди. Казыктай каткан Бекжан эми алардын дал ортосунда калып, акыл-эси айран, кыймылдоого шайы жок, дал болуп катып турду. Ушул абал ушул каардуу көрүнүш эзели аяктабоочудай, сыйкырланган айлан-көчөк дегеле токтолбоочудай. Ызы-чуу баскан коркунучтуу теребел эч качан өзгөрбөчүдөй чуру-чуу улана берди.

— Уу-уу!..

— Зз-уу!.. Ыз-з!..

— Өлдүм!.. А-а!..

Күтүлбөгөн жерден ордунан атып турду. Жаңы гана уйкудан ойгонуп, айланасындагы болуп жаткан кымкуутка эми гана бааны жеткендей тулкусу чыйралган жиптей буралып, кар чапчып алдастаган Гүлшаананы биринчи ирет көрүп жаткандай ага көз шилтеп алды, кескин кыймыл менен ансыз да бошоп калган арканды келиндин алдынан шарт тартып алып, кысылган пружинадай серпилип үч-төрт кадам алыстыкта шоңшоюп турган карышкырды көздөй умтулду. Күртку калың болучу, бирок Бекжан буйдалган жок. Мына ушул алаамат түшкөн көрүнүшкө ал гана күнөөлүүдөн бетер ошонун гана кесепетинен будуң-чаң түшүп бороон улуп, жарым-жартылай карга көмүлгөн Гүлшаана эс-учун билбей толгоо тартып кыйналып жаткандай сезилди. Көздөрү чанагынан ачылып, айкырган добуш коштоп байкоосуз отурган карышкырды басып жыгылчуудай, эгер тийсе анын колун-кол, санын-сан кылып жулуп алчудай арбайтып колдорун алга сунуп жиберип, жаалы келип атылып баратты.

Карышкыр адамдын өзүнө кол салаарын күткөн эмес. Тыгылган трактордон анча узай электе эле жыт алып, алардын изине түшкөн, бирде тигиндейирээктен аларды айланып алдыга өтүп, улам фермадан алысташын же эч болбогондо сүйрөгөнүн таштап бири-биринен бөлүнүп кетишин күтүп, акмалап келаткан. Калың куртку кечип, артына оор жүк сүйрөп, убакыттын өтүшү менен адамдын алдан тайып, теңселип араң бут шилтеп баратканын ал бая эле сезген. Дагы бир аздан соң тырп этерге алы келбей адам жыгылууга же эч болбогондо отуруп калууга тийиш болучу.

Өзүнүн коопсуздугуна толук ишенген карышкыр эми бир жолу ачыкка чыгып бет маңдайлашып жакындап келип, араанын ачылып, кол салуунун ыңгайын гана күтүп калган. Өзүнө жебедей атылып келаткан тарбайган адамдын эңгезердей тулкусунун алдында кала жаздап, ыргытылган жипке чалынышып көз ирмемге буйдала

түштү да, өзүнө гана таандык ылдамдык менен мант берип четке каргыды карышкыр. Адамдын күтүлбөгөн жерден айкырык салып, басып жечүүдөй өзүнө кол салышы аны сестендирип, чочутуп койду, белине ороло түшкөн жип кыйла жерге чейин чубалжып барып ал караңгыга сиңип кетти.

Адамдардан эмнени гана күтүүгө болбойт?!

Бекжан кайрылып келинге жетип анын башын жөлөдү. Бетиндеги карларды тазалап, колун тартып койнуна катты. Камтууга келбей манжалары тоңуп калган экен. Тонун жаап, колтугунан өйдө көтөрдү.

— А — ай!?..

Келиндин алден бери тарамыштай чыңалган денеси кокусунан эле бошой түштү. Колу көтөрүлүп, тоңгон манжалары Бекжандын бетин сылаган болуп келатып ошол эле замат шалк этип карга чабылды. Үшкүрүнгөндөй үзүлүп чыкты үнү:

— Беки... Мен ыраазымын сага... Мени кечир... Баланы... балам...— сөзүнүн аягына чыккан жок. Деми токтоп, жука эриндери кымтылбай калды...

— Гүлшан! Гүлша-ан! А-аа!..

Муун-жүндү бошотуп, сай сөөктү сыздаткан, кардыккан үн ою-кыры текши карга көмүлүп, эч нерсе менен иши жок таттуу уйкуга көшүгөн тоо арасын солк эттирип жаңыртып жиберди.

Улуп-уңшуган бороон тыным албай озондойт.

Жарык дүйнөгө өзүнүн келгенин даңазалап, жаңы төрөлгөн адам улам күчөп үн салып жатты:

— Ыңа-а!.. ыңа-а!..

## КАРЫШКЫР

Түш ооп, капчыгай бойлоп муздак сыдырым согуп турган. Берги төө моюндагын созулуп келип сууга такалган тумшуктун үстүндө алдына сунулган буттарына башын коюп, көк карышкыр үргүлөп жатты. Тумшуктун

үстүн туташ майда арча басып, үстүнөн караган адамга жаткан карышкырды байкоо кыйын эле. Анткени менен чыгыш тарабы жайыктанып кеткен ушул капчыгайдын ичи бул жерден алаканга салып койгондой даана көрүнүчү. Арчанын жашыл бүрлөрүнө турган майда кардын бүртүкчөлөрү бириндеп учуп, сыдырым күчөгөн сайын карышкырдын алгачкы өңү өзгөрүп, улам буурулданып баратты.

Айлана жымжырт. Күндүн алсыз нуруна чагылышкан кар гана көз карыктыра мелтирейт. Капчыгай ичи азыр жансыз, кыбыр эткен жан жоктой. Бирок, карлар эрип, жаз келип жер бети жашыл кымкап жамынган кезде бул жер таанылгыс түргө келет: кокту-колотко быжырап мал толуп, береги жарым-жартылай муз каптап, таш аралап үнсүз агып жаткан өзөндүн эки өйүзү тең тебеленип чаң басып, туш келди жолго айланат; күн-түнү менен кыймыл тынбай жогорку сайдан сүт ташыган машиналардын үнү капчыгай ичин жаңыртып турат...

Үргүлөп жаткан карышкыр кокусунан «селт» этип баш көтөрдү. Тумшугун кыймылдатып муздак абадан белгисиз жытты искей калды. Шамалдын багыты өзгөрүп турган, бирок ал жыттын кайдан келип жатканын айкын сезди. Буттарын жыйып, комдоно түштү да кулагын жапырып, арча арасынан жыт келип жаткан тарапка көз жиберди. Жогорку кашардагы койчулар тумшуктун нары бетиндеги үймөккө келип күндө бир маал чөп алышчу. Кулун ээрчиткен чоң тору бээ жолго түшкөн бирин-серин чөптөрдү искеп үймөккө келатты.

Карышкыр буттарын сунуп кайрадан башын жөлөдү. Бөк түшкөн бейгам көрүнгөнү менен тикирейген кирпиктери ирмелбей, көзүнүн тереңинен от жанып, тикчийген кулактары шыбыш искеп, улам жакындап келаткан кулундуу бээни чыдамсыздык менен күтүп жатты.

Ал ач болучу. Мындан үч күн мурда аркы беттен энесинен адашып калган козуну жеген. Андан бе-

ри наар ала элек. Шарт баш көтөрдү. Бээ тумшукка жакындап калган экен. Эч нерседен капарсыз кулун жол бетиндеги чөп бүрлөрүн искеп, эрине басып келатты.

Карышкыр ордунан козголду. Талыкшый түшкөн буттарын созуп керилип алды да, дабыш чыгарбай арчаны аралап капталдай жөнөдү. Бая, те батыш тараптан жай көтөрүлгөн сур булут көпкөк асман бетин каптап алсыз нуруна чагылышып жалтырап жаткан жер бети бозомук тарта, күңүрттөнүп бараткан. Шамал күчөп, аппак майда кар менен жол бетиндеги уңкул-чуңкулдарды элпек толтуруп жатты.

Кулун кыйла артта болучу. Отуруп, чөп-жемдин даамын алгандан бери ал энесин мурдагыдай ээрчүүгө көп көңүлдөнбөй калган. Сарайдан жетелеп чыгып, токуй баштаганда эле үй ээси бир жакка барарын сезчү. Бардык жерди мелтиреген ак кар басып жаткан кезде барган жеринен курсагы тойбосун, калың кар кечип, өзүнүн бекерге кыйналарын билип, көпчүлүк убакта илелеп бир аз басып барып, короодо калып кала турган Ал эми үй ээси жүгөндү шыпырып алып, сооруга чаап короодон айдап жибергенде энеси кайда барарын ал жакшы түшүнөт. Тумшугун жогору көтөрүп, куйругун чычайтып, оюн салып энесинен озо чыкчу. Кошкуруқ атып, курч туяктары менен карды буркулдатып түз эле үймөктү көздөй жөнөчү. Бүгүн да ал адетинче кыйла жерге чейин зымырап келди. Бирок, анча тапталбаган кар анын ичке буттарын бир паста талыкшытып жиберип кулун илкий басты. Денесин чыйрыктырган жагымсыз шамал күчөп келаткан.

Болор-болбос дабыштан улам башын көтөргөн кулун кылчая карады. Карагандын түбүндө кара көгүш тарткан бирдеме карда ооналактап жатты. Куйругу менен кар чапкылап, бирде кырдана калып, кайра туруп мойнун толгоп, алда кимге эркелеп жаткансып, бөк түшүп өзүнчө эле машакаттана берди. Тигинин ар бир кыймы-

лынан көзүн албай кулун саамга кызыга карап калды. Ит деп сезди ал.

Энеси карды матыра басып тумшукту айланып бараткан. Мойнун саал буруп, элейип бир нерсени кызыга карап турган кулунуна болоор-болбос кишинеп койду. Бир аздан кийин ал тумшукту айланып кетти.

Энесинин кишинегенинен улам кулун ичке буттарын шилтеп алга баса берди эле, тиги оюнун өзгөртүп, каткан кардын үстү менен боортоктоп, кулактарын жапырып аны карай сойлоп жөнөдү. Куйругу тынымсыз кар сапырып, анын ушул абалы таң калаарлык кызык көрүндү. Кулун токтоп, кулактарын тикчийтип карап калды. Экөөнүн арасы бир кыйла болучу. Тиги ордунан туруп дал эле итчесинен кыңшылап, бирок алга басууга батына албай кайра чочоюп отурду. Кулундун да кызыгуусу артып, жакындап барып аны жыттап көргүсү келди. Энесинен алыс кетпегенин сезип, атайы эле кайрылып аны менен ойноону чечти. Анын ушул оюн биле койгонсуп тиги куйругу менен карды түрс-түрс чаап, аяр алга жылды. Көзүн жарым-жартылай жуумп, тиштерин ырсайтып аянычтуу үн чыгарып кыңшылап койду эле, анын үнү да кулунга кызык угулду. Короодо кичинекей кара күчүк боло турган, ал абдан оюнкарак. Өзү кичинекей болсо да куйругун шыйпаңдатып, кулундун ар жак-бери жагына чыгып, борсулдап үрүп, ойнобогон оюна коюучу эмес. Кээде ачуусу келип, тумшугу менен жыга түртүп, кулагын жапырып кууп койсо, аянычтуу кыңшылаган боюнча үй артына айлана каччу. Тиги деле түркүн кубулуп, кез-кезинде көкүрөгү менен кар жиреп, кайра тура калып шыйпаңдап, улам жакындап келатты. Анын ар бир кыймылы кулунду кызыктырып: «Коркпо, коркпо, мен сени менен ойногум келип жатат. Кел ойнойлу?! Карачы менин куйругум карды кандай сапырат, сен ушинте аласыңбы? Боортоктоп сойлогонду да билем, көрдүңбү? Денем карга чөкпөйт. Сен коркпо ишенбесең жакын келип менин үстү-башымды

жыттап көр· Жакын келсең, жакыныраак... дагы... дагы» дегенсип жатты. Кулун мурда карышкыр көргөн эмес. Көргөн жаныбарларынын баары эч зыянсыз, баардыгынын ага тиешеси жоктой сезилүүчү. Бир гана таң калаарлык нерсе: короодо жүргөн ит эч убакта ага ушундай мамиле кылып, бирге ойноого эч качан тигинчелеп аракет кылган эмес... Кызыгуу менен таңдануу эркин бийлеп, токтоп, карап калды· Ал туяктарына абдан ишенчү· Өткөндө короодо кызыл торпок менен чөп талаша кетип, мукур мүйүзү менен сүзгөнү келатканда келиштирип туруп тумшукка тээп калды эле, тиги «өөк» этип кайра качкан. Ошондон кийин анын жанына жолочу эмес· Балтайган тумшугун маймаңдатып кепшеп, акыйып алыстан карап туручу. Торпокко карганда тиги алда канча кичине экен· Корко турган деле түрү жок, оюнкарак неме көрүнөт.

Кулун тумшугун созуп, улам жакындап барат· Куйругу кар үстүндө жыландай ойноп, каңшылап, тиги да аны көздөй жылды.

Түрмөктөлгөн булуттар бири-бирине сиңип, коюуланып, жер бети караңгылап калган. Айлана түнөрүп, муздак шамал да пастап, капчыгай ичи алда-немени күткөндөй коркунучтуу дымырап турду· Кулун дагы бир кадам шилтеди, анын жарашыктуу ичке буту жол четиндеги карга батып кетти. Экинчи бутун шилтегенде тумшугу тигиге жетмек. Коңур сасык жыт мурдуна бур этип, кокусунан тиги атып турду:

Ар-р!..

Жүрөк түшүргөн коркунучтуу үнү улай, көз ирмегенче кулундун кичинекей тумшугу тигинин араандай оозуна батып кетти· Арсайган курч тиштер кемирчек жумшак этине батып, кулун кишенегенге да үлгүрө албай калды· Этинин ооруганынан көзүнөн мончок жаштар төмөн кулады. Эс учун жыйганга үлгүргөн жок укмуштуудай зор күч бир силкүү менен майыштырып, каткан кардын үстүнө күрс эткизип көтөрүп урду...

Түнөргөн айлана кошо солк эткендей дымый түшкөн жел аргы күчөп, бапактаган карларды бириндетип алда-кайда сапырып жөнөдү.

Койнундагы жан-жаныбарлардын өлүмү менен өмүрүнүн түбөлүк күбөсү болуп турган тоолор туманга басылып, ал үчүн көнүмүш болгон бул көрүнүшкө анча назар салбагандай, өз бетинче дүрдүйүп көңүл кош үргүлөп жаткансыды. Бурулуштан бээ көрүнө түштү. Олчойгон туяктары менен карды матыра басып, көздөрү балбылдап башын көтөрүп тура калды. Баятан бери удургуган шамал кайрадан дымый түшкөнсүдү. Кар кыпындары багытын жоготуп, түнөргөн асман бетинде ыксыз калдактап, көк жыттанган жер бетине себеленип жатты.

Кар калыңдап жол бети көшөгөлөнүп турган, бирок бээнин балбылдап кооптонгон көзүнө анча алыс эмес жердеги коркунучтуу караан эрбеңдеп, шектүү көрүнүп кетти.

Лакылдап соккон жүрөгү жарылып кете жаздап, капчыгай жаңыртып ачуу кишенеп жиберди. Алды жагында дагы эле үмүткөр тигилип, дабыш тыңшап көз ирмемче тура калды. Жок, кулунунун караанын көрүнбөдү. Демейде энесинин мындай кооптуу кишенегенине анча шашылбай көңүл-кош жооп кайтарган анын үнү да угулган жок. Жол бетинде жалгыз гана алиги коркунучтуу караан эрбеңдейт. Таноолору барсайып, кошкурук атып, башын чулгуп алды да, данкан учуруп ошол караанды көздөй сызып жөнөдү. Куйрук жалы канат болуп жайылып, жибедей атылып, бир паста жетип келди. Айлана кан жыттанып, жарым эти желип калган кулундун тарпынан муздак абага булоо көтөрүл турган экен.

Карышкыр баш көтөргөн жок, бар болгону айбат кылып ыркырады да, ысык этке тумшугун матыра берди. Бээ коркунучту унутуп койду. Кулуну ордунан тура калчудай окуранып, айланчыктап жакындап келип,

анын муздап калган тумшугунан жыттады. Айласын таппай сербейген көкүлүн эрмелеп, тирүү кезиндегидей жалын кашыды. «Мына азыр тура калат. Адатынча ичке мойнун койкоңдотуп, желинин түрткүлөп, татынакай эриндери менен эмчектин үрпүн ирмеп, сүт чыкпаса да кактаганга кирет» деп үмүттөндү энеси. Эмнегедир бүткүл денеси жибип, өзүнчө эле ийип кетти.

Жүрөгү шектүү болкулдап, белгисиз сезим ичтен кооптонуп турса да ишенгиси келбегендей кайра-кайра окуранып, сууланган кирпиктерин тез-тез ирмеп имерчиктей берди. Ал кулунунун тура калышын күттү.

Жанга баткан ачкалык улам сугун арттырып, ысык эттен баш көтөрбөй жатса да, жырткычтык сезим карышкырды ээликтирип канын кызытып турду. Тумшугун көтөрбөй бээнин айланчыктап улам жакындап келатканын баамдай карап турду да, күтүлбөгөн жерден атылып барып бээнин тумшугуна асылды. Тынымсыз жортуулдарда өткөн өмүрүнүн ичинде карышкыр далай эле жолу жылкыларга кез келген. Айрымдары гана болбосо, көпчүлүгү андан кутулуучу эмес. Жашоо кайсы жандыкка кандай кол салып көтөрүп уруп, кандайча жемге айландыруу жолдорун терең үйрөткөн. Бирок, бул сапар карышкыр чала сермеп калды. Анын араандай ачылган оозу бээнин тумшугуна эми гана илине берген кезде алдыңкы буттарын асманга серпип, ачуу чыңырып бээ тегеренип кетти. Карышкыр жол четине кулады. Бирок, ошол замат эле тура калып, көздөрү оттой жайнап, аркырап кайра качырды. Аяк астынан сапырылган кар буруксуп, айлананы тумандатып жиберди. Жел жүрбөй бул коркунучтуу кармашуунун аягы эмне менен бүтөөрүн күткөнсүп, курчап турган нерсенин бардыгы ичтен тымып, өз-өз ордуна селейип катып калган сыяктанат.

Кар чапчып кайрадан секирди. Алкымды көздөп келаткан карышкырдын курч тиштери омуроону алып түштү. Диркиреген кан туш-тушка чачырап, аппак кар кыз-

тылтым түскө боёлуп жатты. Тиши оңдуу илинбей күртүк карга малгый түшкөн карышкырдын каары кайнап, кайрадан качырды. Ал бээнин үстүнө секирип чыгып, кежиге тарамышты кырча чайнап жиберүүнү көздөгөн. Бирок, бээ кескин мөңкүп кетти. Тутам жалды бурдай сугунуп, карышкыр кайрадан кулады. Керки менен кертип алгандай бөксөрө түшкөн жалдын ордуна толо түшкөн коюу кызыл кан мойнун кан жаба жерге шорголоду. Дал ушул учурда бээ ордунда айланып, болот такалар жарк этип, олчойгон кош туягы секирүүгө умтула берген карышкырдын капталына бата түштү. «Каңк» эткен добуш чыгарып, ал эки-үч аласалып кетти. Бирок өзүнө таандык өжөрлүк менен кайра атып турду. Алгач ал этинин ооруганын сезген жок, бир азга деми кысылды. Дагы кадам шилтээши менен кимдир бирөө анын өпкө-боорун куушура кармап алгансып, кекиртегинен аба өтпөй өзүнөн-өзү муунa түштү. Ыркыроого үнү чыкпай тиштерин бошко шакылдап, демейдеги анын карылуу буттары өмүрүндө биринчи жолу эркине баш ийбей, денеси салмактанып, аз эле турса кулап кетчүдөй теңселип калды. Эч убакта сезилбеген алсыздык өкүм сүрүп, оозун ачып абадан кере-кере жутууну самады, бирок, куушурулган өпкөгө аба жеткен жок. Алы куруп, итчесинен чочоюп отура кетти. Түнөргөн асманды тиктеп, алсыздана түшкөнүнө ызалангандай улумак болду эле, үн да чыкпады. Кайрадан тура калып күнөөнүн баары ошол эле жерде окшоп, каардана өз капшытын өзү аткый тиштеди. Мындай кескин кыймылдан кокусунан эле өпкөсү кеңий түшүп, аба агылып кирди. Бир паска жан жыргаткан дем алуу өкүм сүрдү. Буулган кан кайрадан толкуп, муундары чыңалып, өзүн мурдагыдай жеңил сезди. Жан кейите кыйналганын унутуп коюп, кулунунун тарпын жыттап, алыстап кете албай имерчиктеп турган бээге кайрадан кол салууну көздөдү. Бээ ансыз да кансырап калган. Балбан тулкусу барган сайын бошоң тартып, денесин

көтөрө албай буттары титиреп алсыз. Карышкыр анын жыгылышын күткөн жок. Ал жеминин бүк түшүп, алдында чөгүп берүүсүн каалоочу эмес. Тескерисинче качырып барып алкымдан алып, бир силкүү менен көтөрүп урууну ар дайым көксөп туруучу. Өзгөчө жайылып жүргөн кой-эчкиге туш келип калганда канчалык ач болбосун биринчи жыкканы менен чектелбей турган. Кырганга жараша баарын текши кырыш керек. Бардыгы ага жем болууга тийиш! — Бул анын башка бардык жырткычтардан айырмаланган өзгөчөлүгү болучу.

Кадимкисиндей салмагын арткы буттарына салып, күч менен алга секирди. Бирок, буту жерге тиери менен кайра боюн керүүгө үлгүрбөй карга көмөлөнүп кетти. Тумшугу менен кар сүзүп баратып, ичинин сыздаганын сезди. Ушунчалык катуу ооругандыктан ал турган ордунда үч бүктөлүп кокусунан эле кулгуй баштады. Оозунан чала жуткан эт аралаш кара кочкул кан шар этип алдына жая берди. Муундары бошоп, алсыздык кайрадан күч алды. Учкун чачырап турган көздөрүнүн оту өчүп, аны курчаган нерсенин баары тумандаңып, улам барган сайын бириндеп, андан алыстап баратты. Жер термелип, өзүн араң эле кармап турду. Ордунан козголо албай жатып, башын алсыз көтөрүп, жардам күткөндөй тунарып бараткан көздөрү менен тегерегине көз жүгүрттү. Сансыз кокту-колоттуу менменсиген тоолор, керилип жаткан кенен жайыктар, караган баскан береги өзөн, жарым саат мурун өңүт алып өзү жаткан тиги арчалуу тумшук — булардын баары ага тааныш болучу. Анткени, ал ушуларда өмүр сүрүп, өзүнүн жашоосу үчүн жем издеп нечен убактан бери салып-уруп, оюн-кырын ээн-эркин аралап жүргөн. Бул мезгилдин ичинде ал далай жолу ач да болгон, куугунга түшкөн, нечен кармашууларды өткөргөн, бирок ар дайым күчтүүлүгү менен шамдагайлыгы кардын тойгузуп, тиричилигин улантып келаткан.

Айланга көз жүгүртүп жатып, карышкыр өз өмүрү

жөнүндө кыпындай да ойлогон жок. Ал ойлонууну да билбеген. Анткени, менен анын өпкө-боорунун улам куушурулуп сайгылашканы, кайрадан аба жетпей мууна түшүп, алсызданып, баратканы бээнин такалаган балбан туяктары анын өмүрүнө белгисиз бир коркунучту алып келгендигин сезүүгө аргасыз кылды.

Өзөндү бойлоп өскөн караганды үрүл-бүрүл таанып, бүткүл күчүн жумшап, ошол тарапка демиге жыгылды. Эңшерилген ичи денесин экиге бөлүп, арткы буттары шилтемге келбей калың карда сүйрөлүп калды... Көнүмүш тынчтык өкүм сүрүп кар калыңдап, жер бетин жаңы жабуу менен жаап жатты.

## КӨК-КЫЯДАГЫ ОКУЯ

Күзгү айдоо бүткөндөн кийин тракторго тележканы чиркеп алып, Жоон-Төрдөгү уйканадан райондун борборуна сүт тарта баштадым. Күн ысыкта ирип кетет деген ой менен күнүнө заводго эки жолу каттачу элем. Кийин эки саандыкын бириктирип туруп бир гана жеткирүүчү болдум. Жол анчалык деле алыс эмес айылдан чатка чейин суу бойлоп, ар дайым көлчүк басып жаткан эски жолду көтөрүп, жар боорлотуп быйыл жаңы жол салышкан; а чаттан ары боорго чийин асфальт.

Кыскасы менин жаңы «Белорусум» үчүн жарым сааттык жол. Менин ишим — трактор айдоо, сүттү болсо Калмат аке өткөзөт. Сырты сыйрылып, боз ала болуп өңү өчүп калган блокнотуна өткөрүлгөн сүттүн жалпы саны менен анын майлуулугун жазып, он күндө бир барып конторго отчет берип турат. Кырктарга барып калган киши. Түнт, түгү түшүп, кыруулары сүзүлүп калган эски шляпасын баса кийип, портсигарына салып алган махоркасынан кагазга ороп, түтөтүп, үстөкө-босток күрс-күрс жөткүрүп коюп, үн-сөзсүз дүгдүйүп отура бе-

рет. Бирок, анча-мынча «кылт» эткизип алса... анда Калмат акени таануу кыйын. Тамекисин да көп чекпейт. Шляпасын чамгарактата кийип, кер сары тарткан муруттарын ширидей каткан ичке манжалары менен кайра-кайра сылап, улуу-кичүүнү ылгабай азилдешип өтө тамашакөй. Өзгөчө саанчыларды кармап алса адебин берет.

— Эй, карыган найсап, байкап сүйлө келиндерге. Алдагы сербейген муруттарың бирден жулунуп калып жүрбөсүн?! — дешсе:

— Оей, менин ушул мурутумда го кептин баары. Көп сүйлөбөй, кама, тигил кара тору бураң белди.. Ха-ха... Тигини кылтылдаган түгөт...— деп жакжаңдап болучу эмес. Анын аракка жакын экенин заводго барган биринчи эле күнү билгем.

Заводдун приемщиги дал эле Калмат акеге окшогон чаар киши экен. Келген сүттүн майлуулугун текшерип жүргөн кетирекей аялга бирдеңкелерди айтып, баш ийкешип Калмат акени ээритип ичкериге кирип кетти.

Тракторду от алдырып, кезекте тургандарга жол бошоткону жаткам.

— Эй, бала, бери бас,— көчө жакты караган алакандай терезеден кол булгап Чалыр мени чакырып алды. Кирдим. Какжыраган стол үстүндө жарым бөтөлкө менен туздалган үч-төрт бадырың жатыптыр. Сырты майланышкан көк кружканын капортосунан арак куйду.

— Кел, үкөм, иштин ийгилиги үчүн тартып жибер.

Анын арак жыттанган, майланышкан жүзүнө жипкире карадым. Туздалган бадыраңды сапсары тиштери менен карт-карт чайнап, чалыр көзүн үлдүрөтүп мени тиктеп калды. Кез-кезде гана жолдошторум менен отуруп калганда кичине вино ичкеним болбосо, ушул кезге чейин аракты оозума алган эмесмин. Деңдароо болуп туруп калдым.

— Тартып жибер, э, кысталак!

Чалыр оозундагы бадыраңды шалп түкүрдү.

— Атың ким?
— Абыш.
— Тарт!

Кружканы ээрдиме тийгизип кайра койдум.

— Эй, бу эмне өнөрүң? Ал, алып жибер, сенин түбүңдү ким ичет? — Бадыраңды карматып, чыканагымдан түртүп кружканы оозума такады. Чымыркаңып туруп, арақ жарымын жуттум.

— Ырахмат аке, мага болбойт. Мен рулдамын.

— Хе, рулуң алиги трактирби? Ха-ха, мен да самолет айдайт экен десе... Мейли бар анда. Кайыр Калмат аке.

Бул иш эртеси да, анын эртеси да кайталанды.

Алгач жарым жутуп жүрсөм, кийинчерээк баягы таанып көк кружкага баса куюп, кыстап жатып ичирип жиберишчү болду.

Бүгүнкү ичкен арагың сөзсүз эртең да өзүн саматат экен. Башың тең жарылып, көңүлүңө эч нерсе жакпай турган кезде кылт-кылт куюп, шыпкай жутуп алсаң денең жазылып, көңүлүң бир паста көтөрүлө түшөт.

Кыймылың элпек тартып шамдагай да, ырчы да, куудул сөздү куюлуштурган шайыр да болуп кетет экенсиң.

Ошентип, көнүгүшүп кеттик. Өз кишн өңдөнүп кошо кармашып жүрүп, бул бекер арактын каяктан «агып» жатканын да билдим, бирок ооз булгангандан кийин үн катканым жок. Күндөр сапырылып өтө берди. Кийинчерээк бекер арак жолдон да табыла турган болду.

Быйыл кар оор түшүп, жолдо тыгылган машиналар көп. Деңгөлөктөрү бош чимирилип, кең капчыгайды өрдөп чоң жолдун өйдө-ылдыйында кээде үч-төрттөн машина туруп калат. Көк муштум болуп үшүгөн шоферлор кол булгалашып, жол торойт.

Тележканы чыгарып, алы жеткенин экиден, болбосо бирден сүйрөп чыгарып жолго салам.

— Эй, сен тиги шопурлардан бирдеме алып жүрөсүңбү? — кызуу Калмат ачылуу тиктейт?

— Эмне алмак элем?

— Ха, келесоо десе, анык акмактын өзү тура,— кыжырланып кулагыма бакырат,— тыйын ал, пул ал! Сен эмне, бекер иштемек белең?

Трактордон секирип түшүп, колдорун ушалап, машиналарынын ар кай жерин карап жаткан шопурларга чуркайт. Улам бирине барып жатып, бир паста шыдыратып тыйын аралаш акча жыйнап келет. Мөрөйү колуна тийгендей колун кескин силкип, үнүн көтөрө чыгарат.

— Бур, кайра, кеттик столовойго!

Көңүлү жайланып, акчаны экчей кармайт. Күлкүсү чыгып, каргылданган үнүн созуп:

— Ээй, чыйырчык белин мен ашсам,

Чындап кудай маа берип.

Сен чыйыр жолдо келатсаң,

деп, жетер-жеткенче кыңылдап кайталай берет.

Көпкө чейин мен анын табышкердигине таңгалып жүрдүм. Эмне иш кылбасын ал эң мурун бир нерсе өнө турган жагын карачу.

Кээде болбой жатып жүргүнчүлөр түшө турган жерге тракторду айдатып барып, жүгү менен жакын жерге бара тургандарын атайын эле сурап чыкчу.

Калың кардан бел бекип, автобус жүрбөй калгандан бери мындай «клиенттердин» саны да көбөйүп кетти.

— Айланайын, шаардагы такси деле силерден арзан алат, бир сом берейин, куп де.

Демейде мындай зарылып, күтүп турган жүргүнчүлөрдөн үч сомдон кем албаган Калмат аке муруттары сербее түшүп, чырт түкүрөт:

— Түш! Биз эмне бекерчиликтен ушинтип жүрүптүрбүзбү?! Акчаң аялуу болсо маа десең таң атканча отура бер, боор ооруса...

Кыңырылып турган менин түрүмдү көрүп, бетине чаары чыгып ачылуу бакырат:

— Эй, айда! Кеттик..

Биз аз жүрө түшкөндөн кийин чыканагы менен капталга укуйт:

— Токтот. Түшүп трактириңдин бирдеңкелерин чукулап кал...

Азыр келет да, кайда барат дейсиң,— махоркасынан чымчып алып, шашпай орой баштайт...

«Белорустун» чакан кабинасы көк түтүнгө анча тололекте эле, айтканындай алиги жүргүнчү күнөөлүүдөй башын шылкыйтып акырын басып келет.

Биздин адат — олжого түшкөн акчанын бир тыйынын да жаныбызга алып калуучу эмеспиз, бардыгы тең жол боюндагы столовойго кетүүчү.

Кыш ортолоп калган кезде Калмат акеден ажырап калдым.

Сүт өткөзүп бүткөндөн кийин Калмат менен Чалыр адаттагыдай-ичкериге кирип кеткен. Мен тракторду от алдырып, кийинкилерге орун бошотуп жаттым эле, зып этип өтө берип жеңил машина токтоп, андан башкарма чыга келди.

— Калмат кайда?

— Ичинде.

Башкарманын үнүн угуп Калмат атып чыкты.

— Сүттүн майлуулугу канча болду?

— Үч бир.

— Эми—е?

— Ушундай, аксакал,— Чалыр чебелектеп башкарманын алдына өтө чыкты. Кажылдашкан боюнча лабароторияга кирип кетишти.

Кез-кезинде келип калган коңшу колхоздун зоотехнигинин айтуусу боюнча жалпы райондун сүтүнүн майлуулугу төрткө чейин, эң азы үч алтыдан кем болбоого тийиш экен. Бирок, мындай проценттер Калмат акенин блокнотуна бир да жолу жазылган эмес. Өткөн

жумада биздин зоотехник келип Чалыр менен чырылдашып жатып үч жетиге жеткирген. Андан бери баягы өзгөрүлүүсүз үч бир, үч үч.

Көмүскөдө калган беркн проценттер бизге куйган бекер аракка «айланып» жүргөнүн, тымызын билүүчүбүз.

Эртеси сүт фермада жыйын кылып Калматты иштен бошотушту. Убактылуу, киши табылганча деп сүт тапшырууну мага жүктөштү.

Чындыкты моюнга алыш керек, мындан кийин деле Чалыр менен арактан алыстай алганым жок. Заводдон кызуу кайтмай мурдагыдай эле көнгөн адат. Сүттү тапшырып, ал жерден анча-мынча кылт эткизип алып, ага анча алымсына бербей жол боюндагы столовойго кайрылып калдым.

Ал жерде жүргүнчүлөр болбосо, тыгылган машиналар бар да. Бул сапар да ушундай ой менен кайрылып калганым болбосо, жанымда сокур тыйын да жок болчу.

— Айланайын, Бордолуга чыкпайсыңбы? — бала көтөргөн аял токтоорум менен утурлай басты.

— Чыгам.

— Ии, айланайын, ырас болбодубу. Эптеп мени ала кет. Оштон келе жаттым эле, саардан бери күтүп отуруп зарыктым. Ал жакка машина чыкпайт көрүнөт.

— Ала кетейин, бирок акысын азыр бериңиз.

— Мейли, мейли... Эптеп эле ала кетсең болду. Жаш бала менен... Канча берем?

— Үч сом.

— Үч сом?

Байкабай оозуман чыгып кеткен өз сөзүмө алгач оңтойсуздана түшсөм да, сыр билгизбей томсоруп четке карадым. Акчасы аялуу болсо, ушул суукта баласы менен капчыгайды өрдөп, жалгыз барып көрсүнчү. Түн кирип, кар учурган шамал да күчөп келе жаткан.

Катары менен экини тартып жиберип сыртка чыксам, аял жогортон соккон кар аралаш муздак шамалдан корголоп, тракторду ыктап турган экен.

Жол анча деле коркунучтуу эмес, үч-төрт чакырымча асфальт менен барып, андан солго бурулуп, мөөндөй ичке капчыгайды аралап кетет. Дайыма жүрө берип, ар бир бурулуш өйдө-ылдый, уңкул-чуңкулунан бери тааныш болуп бүткөн. Көп өтпөстөн чатка жетип, көнгөн кыймыл менен тракторду буруп, капчыгайды өрдөп жөнөдүм.

Эми бороон бет мандайдан уруп трактордун маңдайкы айнеги тез-тез кар менен жабыла түшүп жатты.

— Айланайын, астараак айдачы, жол көрүнбөй калды,— аял баласын бооруна кысып, айнекке үңүлөт. А мага жол арбыбайт, трактордун алга жылганы да сезилбейт.

Бороон күчөп, фардын беттерине кар жабышып, жарыктын алга таралышы улам барган сайын кыскарып баратат. Айлана караңгылап, бир кадамдан ашык көрүнбөйт. Кайсы жер, кайсы бурулушта кетип баратканымды айра албай, алиги ичкен «ак молдонун» деми менен гана сүрөмөгө салып алга жылуудамын. Алды жактан бир нерсе караргансыйт. Канчалык үңүлүп тигилсем да эмне-экенин ажырата албайм.

— Жар го? Жол ылдыйраак көрүнөт?

— Жар? Оо, анда жетип калган турбайбызбы?

Ооба, ушул жарды айланып өткөндөн кийин жол кыяланып жогору көтөрүлөт да, түзөң тартып айылга чейин жар боорлоп кетет. Эски кыяны суу жеп кеткенде атайы жар уратып, жогору көтөрүп жаңы жол салышкан. Эни да тар. Айтылуу Көк-Кыя ушул. Жар түбүнөн сызылып чыккан булактын суусуна чопо аралашып, жайы-кышы чыгы кургабай, эзилип жатканынан аны Көк-Кыя атап коюшса керек.

Коюу түндүн тынчын алып, аска-зооканын боорун жалап, топурак-тозоң учуруп, өжөрлөнүп буурakandаган кардуу бороон коркунучтуу улуйт. Трактордун бир калыптагы үнүнөн өзгөчөлөнүп ташка урунуп-беринген тележка, анын үстүндөгү бош флягалар кулак-мээни жеп

калдырап, ушул көзгө сайса көрүнгүс караңгы түнгө, улуп-уңшуган бороонго кошул-ташыл болгонсуйт.

Трактордун дөңгөлөктөрү ташка урунуп катуу секиргенинен улам аял чочулап ондонуп олтурат. Эч нерседен капарсыз уктап жаткан баласынын бетин ачып, үңүлүп жытын искеп бооруна кысат. Менин апам да оокатын жасап алып, келишимди күтүп жатпай тургандыр. Улам сыртка чыгып карап, тынчы кетип жатса керек. Жол бир аз төмөндөп барып солго бурулуп тике чыгат. Кыя ортолоп көтөрүлө бергенимде эмнегедир дөңгөлөктөр сыйгаланып бош айланып, трактор жылбай ордунда туруп калды. Борошо уруп, булактын суусун четке агызып турган арыкты кар толтуруп, суу кыянын бетин каптап кеткен көрүнөт. Мындай учурларда те, төмөнтөн эле трактордун ылдамдыгын азайтып, экинчи ылдамдыгы менен гана шашпай чыгып кетүүчүмүн. Артка берүүгө мүмкүн эмес, жолдун эни тар, анын үстүнө бурулуш.

Мүмкүн, ылдамдыкты алмаштырсам, жардам болоор! Көзүм умачтай ачылып, алитен бери мунарыктаган көңүл сергий түштү. Кан тээп, күрөө тамырларым жарылып кетчүүдөй барсайып, чекемден муздак тер чыпылдап чыкты.

Бир паста эсиме келе түштүм. Те, көз жеткис төмөндө Бордолунун суусу таш омуруп, чамынат. Улуган бороонго үн алышып, бирде гүүлдөп, бирде шарп-шарп этип аскага урунуп, муз аралашкан тамчыларын асманга бүркөт.

Муфта менен тормоздун педалдарын чирене тээп, рычагды ылдамдыктан зорго чыгардым. Муундарым калчкалч. Оң тарабым түптүз туңгуюктай карарат.

Аял баласын бооруна кысып, элеңдеп жан-жагын карайт. Каны качып кабинанын ичиндеги лампочканын күңүрт жарыгында ирени кер сары, денеси бүтүндөй солкулдап титиреп турду. Келме келтирип жаткандай эриндери алсыз кыбырайт.

Бүткүл күчүм менен рычагды жаңы гана биринчиге котторорумда кокусунан тормоздун педалынан бутум тайып кетти. Чала илинишкен шестернялар чыркырап барып, педалды кайрып тепкиче үлгүрбөй, жүрөк түшүрө күрр-этип трактор артка кетти.

Болгон күчүм менен рулга жармашып, педалдарды туш келди тепкилей бердим.

— Коку-уй, өлдүк!

Аял чыңырып мага жабышты. Ушул ирмемде көзүмө эч нерсе көрүнбөй, көңүлүмө тээ төмөндө толкуну килейген ташташтарды жаба уруп, күкүктөнүп агып жаткан суу гана элестей берди.

Качыр-р этип барып тележка жол четиндеги ташка такалгандай болду. Трактор акырындай түштү.

— Оо, кудай сактай көр.

Атылып барып аял тараптагы эшиктин туткасына жабыштым.

— Секир!

Өз үнүмө окшобогон ачуу добуш менен бакырып, аялдын ийининен аткый тарттым. Бирок, аял секирүүгө үлгүргөн жок. «Күр-р» этип таш кулады.

Анын артынан тележка тракторду сүйрөп кетти. Апам көз алдыма тартыла түшүп, алым куруп, колумду созуп бакырып жибердим.

— Апа-а! Аа — а-..

Укмуштай ачуу үн кулак-мээмди жарып, күркүрөгөн катуу добуш аска жаңыртып, кыйлага узап барып жер жарылгандай дүңк этти. Көзүмдөн от чагылып, тоолор кулап, мөндүрдөй жааган кесек таштар денемди бырын-чырын чыгарып жанчып жатты. Соңку дем алуудагы «чыр-р» эткен жаш баланын үнү гана көңүлүмдү бузуп, жүрөгүмдү мыжып жибергендей болду. Эч нерсе сезбей, ооруган жерим да билинбей денем көшүп түпсүз туңгуюкка чөгүп кеттим.

Андан кийин эмне болгонун билбейм. Эртеси ооруканадан көзүмдү ачтым. Маңдайымда апам.

Көздөрү аябай шишиген, деле мончоктоп жаштары агып жатат.

— Кулунум, көзүңдү аччы... Алда, каралдым ай. Жалгызым.— Жаздыгыма жаштары тып-тып тамат. Сай-сөөгүм сыздап, козголууга дарманым жок, зээним кейип кайра көзүмдү жумдум.

«О каргыш тийген арак! Мени сага көндүрүп ынак кылган Калмат менен Чалыр, каргыш тийсин, силерге! Мен да акмакмын. Неге өлбөй калдым экен?...»

— Апа,— жүлжүйтүп көзүмдү ачтым.

— Апаң алдыңа кетсин, жалгызым. Эс алдыңбы? Эч жериң оорубайбы? Тамак ичкиң келеби?

— Апа алиги... алиги аял тирүүбү. Баласычы?

Кирдебирээк калган жоолугунун учу менен көздөрүн сүртүп, эти качкан калчылдаган колу менен чекемден сылады:

— Тирүү, тирүү эле... Ооруган жериң билинбейби? Алиге чейин сенин баркыңды сезбегем. «Кулунум, арактан алыс бол, ал сени жакшы жолго алып барбайт» деген сенин сөздөрүңдү учурунда этибарга албаган бейакыл, кунарсыз уулуңдун көңүлүнүн чөгүшүн каалабай турасың го?...

Кабыргаларым бүтүндөй бычырап, өпкө-боорумду жарып кеткендей демим кысталып, аба жетпей көөдөнүм куушурулуп баратат. Буттарым кыймылсыз. Аба!.. Аба жетпей муунуп баратам.

— Апа, айланайын апаке, айтчы деги наристе тирүүбү?

Көздөрүн сүртүүгө алы келбей, апам башын чайкайт. Баланын акыркы жолу чыр эткен үнү кулагыма угулат. Эрдимди кырча тиштеп, айламды таппай көзүмдү жумам.

Атиң ай, ошол кулаган трактордун алдында жарыкчылыкты жакшы тааный элек жаш наристе эмес, ушул жарыкчылыктын баркын билбеген мына мен калып калсамчы...

# НАННА

Үзүмчүлүк маал.

Сыртта шыбыргактанып майда жаан жаап турган. Мектептен келип, жаңы эле тамактанууга отурганымда дарбаза тык-тык урулуп:

— Байбича-а! — деп бирөө чакырып калды.

— Чыгып карачы Сакен, кимиси болуп кетти.

Эшикти ача берип, дарабаздан баш багып үй тарапты карап турган цыган аялды көрө койдум.

— Цыган, апа, кол ачканы келсе керек.— Ийигин таштап, апам сыртка жөнөдү.

Атам менен байкем удаа согушка кетип мындан бир жарым жыл мурун атамдан кара кагаз келип андан биротоло түңүлүп калганбыз.

«Согуш бүттү, туз-даам буюрса жакында жүз көрүшүп калаарбыз» — деген катты бир айча мурун байкемден алып апам экөөбүздүн бүт дитибиз эле тиги төмөнкү жол менен почточуда болучу. Чыдай албай айылдан унаа таап минип, коңшу айылдагы төлгөчүгө барып өткөн жумада эле апам төлгө салдырып санаасы тынып келген.

— Айланайын, айтар болсоң ак сүйлөчү, уулум качан келет? Аман-эсенби? — алаканын жайып, тиги суугa салган тооктой шөмтүрөгөн аялга жалооруй карады. Ичке алсыз манжаларын кыбыратып апамдын чор баскан алаканын улам сылап коюп, тигил аял далайга өзүнчө күбүрөп калды.

Дарбазаны чоңураак ача берип чаба жааган жаандан корголоп энесинин капталына ыктап турган алты-жети жашар кызды көрө койдум. Жаандын суусу анын эзели тарак мизи тийбеген уйпаланган чачына сиңип, андан тарамыштары кыр-кыр болуп билинип турган ичке мойнуна куюлуп, дал-далынан бөлүнүп, жедеп эскилиги жеткен көйнөгүнө агып кирип жатты.

Узун кирпиктүү, бакыракай көздөрүн тез-тез ирмеп

кез-кезде гана кычы баскан колу менен бетин аарчып коёт.

— Сеники бала жолдо, байбиче. Эртең дебейм, ушул жакын күндө келет. Чоң той болот.

— О, кудай, оозуңа май, айланайын..— Апам ыйлап жиберди.

Кыз ээги-ээгине тийбей титиреп, тыржыйган денеси бүтүндөй солкулдап, бүрүшүп энесине улам бир капталы менен ыктайт. Анын ушул турушуна боорум ооруп карганын шыйрактарындай ичке буттарына, шөмтүрөгөн үстүнө дагы бир ирет көз жибердим.

— Апа...

— Сүйүнчү бер, байбиче. Бала келет, ал чоң киши, аскер башкарат.

Оозум ачылып, тиги аялга тигилдим. Чынында эле байкем катында отделениенин командиримин деп жазган.

— Апа, мобу эски бешмантты тиги кызына берейинчи, карачы байкуш үшүп кетиптир.

Жылуу кабар угуп, сүйүнүп турган апам каршы болгон жок.

— Мейлиң тегеренейиним, берсең берегой. Алда бечара ай, титиреп кеткен тура.

Кызга бешмантты жаптым. Бүрүшүп, энесинин Көйнөгүнө коруна далдаланып турган кыз ыраазылыгын билдиргендей аппак тиштерин көрсөтүп жылмая күлдү. Түшүнүксүз сөздөр энесине кайрылып, мени ичке сөөмөйү менен көрсөтүп койду.

— О, жакшы бала, сеники брат келет. Сага шерсть костюм алып келет,— аял эркелетип ээгимден сылады.

— Байбиче, сүйүнчүгө бир тоок бер.

— Берейин, берейин. Сакен, ак мекиянды кармап келчи.

Мен артка кайрылганымда, кыязы тоок кармаганга жардам бер десе керек, кыз ээрчип артымдан кошо кирди. Жаандан коргологен тооктор сарайдын алдында

топтошуп турган экен. Баткакты чалпылдата кечип, жарыша чуркап жетип бардык.

— Сен ар жагын тос.

Сөзүмө түшүнбөсө да, ууртун бөксөртө жылмайып кыз көрсөткөн жагыма чуркады. Бурула бергенимде сол жаагындагы бармак басым калын байкап калдым.

Кармап алаарын сезгенсип, ак таук өзгөчө какылыктап сарайдын ичинен жүнүн бырпыратып учуп чыкты. Сая түшүп экөөбүз кууп жөнөдүк. Эки-үч жаш кичүү болсо да, кыз мага караганда шамдагай да, алда канча күлүк да экен.

Короону айланта кууп жүрсөк, таук жан талашып серенин астындагы, кемегеге кире качты.

Экөөбүздүн тең колубуз жете бергенде канатын каккылап күлдү сапырып учуп чыкты.

Жаанга жуулган күл үстүбүзгө жабыла түштү.

Таук кармаганга алы келбей боору эзилип, кыз бетимди көрсөтүп кытылдап күлүп жатты.

— А өзүңдүн үстүңчү? — кыздын бети гана эмес, чачтары да боз ала болуп жомоктогу албарстыга окшоп кетиптир.

— Ай, болгула,— апамдын үнү экөөбүздү тең селт эткизип, күлкүбүздү дароо токтотуп, тоокту кайра кууп жөнөдүк. Ачык турган эшиктен ал үйгө кире качты.

— Эшикти жап!

Таук тактанын астына кирди. Эми колго түштүң го. Сойлоп кирип барып, караңгы бурчка тыгылган тоокту шыйрактан алып сүйрөп чыксам, кыз балбылдаган көздөрүн ирмебей стол үстүндөгү мен жаңы гана четинен тиштеген нанга тигилип турган экен.

Ал мени унутуп калгансып, стол тараптан көзүн албай, шилекейин улам жута берди.

— Ме ич,— чөйчөктөгү айранды кармата койдум. Түшүрүп жиберчүдөй чөйчөктү кош колдоп кыса кармап, кыз аптыга айрандан жутуп жатты.

Анын сол жагындагы тамчы формасындагы калы, ар

бир жуткан сайын өйдө-төмөн кыймылдап, жаак сөөктөрү айкын билинип турду. Чөйчөк бөксөргөн сайын башын салып шоркурата сорду.

— Сенин атың ким? — чөйчөктү алып жатып суроолуу карадым, бирок анын сөзүмө түшүнбөгөнүн байкап өзүмдү көрсөтүп, атымды атадым.

— Нанна,— деди кыз.

Ал дале стол тараптан көзүн албай кылчак-кылчак карай берди.

— Ме, Нанна, катып алып, анан же.

Менин сөзүмө түшүнбөй кыз нанды шып ала коюп аптыга сугунду.

— Катып ал, болбосо апам урушат. Үйдө башка нан жок.

Жаңсаганыма түшүндү окшойт, нанды ууччтай кармап койнуна катты.

— Ээ, Сакен, эмне кылып жатасыңар? Бол айланайын,— апам эшиктен баш бакты.

— Мына бу тоок, карматпай.

Тоокту бооруна кысып, кудуңдап сүйүнгөн кыз энесин көздөй чуркады. «Нанна» — деп атын эстеп калдым.

Күн кечтеп калган.

Кармаган балыктарыбызды тизип, кетүүгө камынып жатканбыз.

Кокусунан эле менден оолак отурган Марат жогору карай берип: үнүнүн бардыгынча:

— Цыга — ан! — деп бакырып жиберди. Колумдан балыктарым ыргып шарт жогору карадым.

Солдаттардай тизилип жайнаган цыгандын балдары биздин ар бир кыймылыбызды байкап турушкан экен.

— Кокуй!

— Өлдүк!

Атып туруп, суу бойлоп качып жөнөдүк. Балык түгүл кайырмактарыбызды да алууга үлгүргөнүбүз жок, чачылып отурган жерибизде кала берди. Баарына кайыл, эптеп эле цыгандардан качып кутулсак...

Тигилер жогору кашат менен кууп, биз суу бойлоп безилдөөдөбүз.

Демейде жарыштарда артта калуучу Марат бул сапар менден өтө чыгып алдыда бара жатат .Көпүрөдөн өтүп таш жолго салдык. Кыймыл үзүлбөгөн жол эми жансыз төшүн керип, учу-кыйырсыз алыска созулуп жатты. Айылга али көп бар.

Арттан ызы-чуу күчөп дабыраган добуш улам жакындап келе жатат. Бүткүл күчүм менен чуркап бараткам, кокусунан эле жол бетиндеги муштумдай ташты басып алып, мүдүрүлүп кеттим да, суналып барып узунуман түштүм.

Коркунучтуу ой муунтуп жиберди: «Бүттү!» Байкуш апасы жалгыз калды.

Көзүмдөн от чагылып, үнүмдүн бардыгынча бакырып жибердим.

Тура калганча үлгүргөнүм жок, шымы жыртык, далбаңдаган бирөө белимден басып, үстүмдөн аттап кетти.

Ооруган жеримди унутуп атып турдум. Бардыгы жетип келишип, чуру-чуу түшүп тегеректеп калышты.

Колго түшкөн коёндой титиреп, чачтары саксайган, жарым-жартылай жылаңач балдарды жалооруй карадым. Өздөрүнчө чурулдашып, эликтин баласын кармап алышкандай мага кызыга карашат.

Алым куруп, айланага үмүткөр тигилем. Менин жолдошторум те, нары качып барышып, жол боюнда үрпөйүшүп, биз тарапты карап турушат. Алар жардам бере албастыгын билем, бар болгону үчөө гана. Бизден алыс эмес жерде цыгандардын карарган алачыктары турат. Аялдары түтөтүп, оокат кылып жүрүшөт.

Аглобун зениткасын стволундай асманга каратып коюп, арабанын көлөкөсүндө үч-төрт цыган карта ойноп отурушат.

Алар биз менен иши жоктой.

— Бу меники! — маңдайымда турган бардыгынан кырдуурак бала шапкемди жулуп алды.

Ушул эле үнду күтүп тургансып бардыгы мага жабылып, көйнөгүмдөн тартып, топумду жулуп, кээ бирөөлөрү талашып чөнтөгүмө колдорун салалбай жатышты. Эки үчөөнүн колу төшүмдөгү значокко жабышты. Бакырууга үнүм чыкпай калды. Айланам опур-топур болуп, бири-бирин жөөлөшүп, түрткүлөшүп, кыйкырышып жатышты. Кулагым тунуп, бардык нерседен түңүлүп, кымгуут түшкөн ушул жапайы балдардын эрки менен боло бердим. Кол кайтарууга мүмкүн эмес.

Кокусунан эле көзүмө Нанна, анын жаагындагы бармак басым калы уруна түштү. Балдардан жол тийбей кыздар арт жакта экен. Караңгыда күйгөн шамдай жарк этип, бошонуудан үзүлгөн үмүт кайра жанды, чачтары саксайган итирейген цыгандын кызын эмес, ушул азыр өз апамды көрө койгонсуп, бакырып жибердим:

— Нанна! На—а...

Көзүмө жаш келе түштү. Кекиртегиме бир нерсе тура калып, бүткүл тулкум менен үнүм каргылданып кызга умтулдум.

Ал да мени тааный койду.

— Эй! Эй...

Анын ачуу үнү тегеректеп турган балдарды селт эткизип артка каратты. Жөөлөп топту жарып кирип келди да, зиачокту тарткылап жулалбай жаткан баланын жыңалач каруусунан мыкчый кармап артка итерип жиберди.

Кыз мага бурулду. Анын өткөн жаандагы шөмтүрөгөн абалы жок, кичинекей таноолору көөп, кара тору жүзү нурданып, көзүмө абдан жылуу, өтө жакын адам катары көрүнүп кетти. Кубанчымды жашыра албай, мен да ага жылмая карадым. Берерге эч нерсе таппай, сыйпалап жатып, значокту араң чыгарып бытыйган колуна кармата койдум. Кыздар жетип келишти. Даай албай балдар тигиндейирээкте тигилишет

Менин жолдошторум да аңырайышып, алыстан көз жиберип, өздөрүнчө аң-таң. Алиги тополоңдо түртку-

лөшүп жатып чөнтөгүмдүн оозун айрып салышыптыр, бирок андагы сөөмөйдөй болгон кызыл карандашты ала алышкан эмес экен, алып кызга бердим. Значоктон карандаш кызды кубандырды, дароо эле отура калып тырмактарын боёго киришти.

Балга түшкөн аарыдай үймөлөктөшүп, кайрадан ызычуу күчөдү. Мени унутуп коюп бардыгы Наннага жабалактап жатышты.

— Мен кетем — Наннага жандап түшүндүрдүм.

— Кош,— ал бытыйган колун сунду.

Андан бери көп жыл өтүп, бардыгы унут болуп калган кезде күтүлбөгөн жерден мен кайрадан Наннага жолуктум.

Бардык окуу жайларында экзамен башталып, окуу залдар студенттерге жык-жыйма экен.

Бири кетсе, бири келип, ылайыктуу бош орун табуу да кыйын. Дипломдук темада тиешелүү китептерди аларын алып, мен да орун издеп зал ичинде бир азга айланып калдым.

— Бул жер бош эмеспи? — Китепке үңүлүп отурган кыз. көңүлүн бөлгөнүмө наразы болгондой кабагын чытый карады.

— Отура бериңиз бош — бир аз ары жылып, кайра дан китебине үңүлдү. Китептеримди коё берип мен кызга дагы бир ирет көз жибердим. Көмүрдөй кара тармал чачы, узун кирпиктүү балбылдаган көздөрү, акырында сол жагындагы тамчы формасындагы бармак басым калы...

Көзүмдү албай, анын үстү-башына тигилип, көңүлүмдө качандыр бир кезде жолуктурган цыган кызын эске түшүрүп, эриндерим кыбырап, анын атын эстей албай бир паска тура калдым.

Кантсе да ошол кездеги жолугушуу, өзгөчө анын энесинин байкем жөнүндөгү айткандары (чындыгында байкем андан жарым жыл өткөндөн кийин келди), бала-

лык нaристе сезимге өз таасирин калтырса керек, кыйналып жатып «На.. Нана Нанна!» — деп угуза айтып жибердим. Кыз таң калып мени карап калды.

— Сиздин атыңыз Нанна эмеспи? — Ыксыз суроомо оңтойсузданып кеттим.

— Ооба,— ал менин үстү-башыма бир сыйра көз жүгүртүп алды. Стол үстүндө жаткан дептерин четке жылдырып мага шектүү тигилди.

— Эгер унутпасаңыз, биз эски таанышпыз. Абдан эски...

Китепканадан бирге чыгып, жаңы эле жаан жаап киргил суулар ар кай жеринде чөлмөктөгөн асфальт жол менен скверди көздөй багыт алдык.

Биринчи жолугушуубузду эске салып, тоок кубалап, күл чачыраганын айтып бир сыйра күлүп да алдык. Нанна, ошол жылы атасы өлүп, эки-үч жылга дагы жер кыдырып жүргөндөн кийин шаарга келип, үй алышып, биротоло отурукташып калгандарын айтып берди. Азыр агасы заводдо слесарь болуп иштейт экен. Энеси каза болуптур. Өзү быйыл университетке киргенин айтты.

Биз, сергий түшкөн абадан кере-кере дем алып, газондогу түркүн гүлдөй жайнаган калың жаштар арасында катар басып кетип бара жаттык.

## МАЗМУНУ

КАРГА КӨМҮЛГӨН ИЗ . . . . . . . . . . 3
КАРЫШКЫР . . . . . . . . . . . . . 19
КӨК-КЫЯДАГЫ ОКУЯ . . . . . . . . . . 28
НАННА . . . . . . . . . . . . . . 37

**Дөкөнбаев Дүйшеке**

**СЛУЧАЙ НА ПЕРЕВАЛЕ**

**Рассказы**

Для молодежи

На киргизском языке

Издательство «Мектеп»

Редактору А. Кулматова
Сүрөт редактору А. Байбөрүев
Тех. редактору В. И. Комерова
Корректору Г. Айталиева

ИБ № 1573

Терүүгө 15. 04. 1980ж. берилди. Басууга 23. 07. 1980-ж. кол коюлду. Д — 00988. № 1 типография кагазы. Кагаздын форматы 70x108 1/32. Адабий арибн. Жөнөкөй ыкма менен басылды, 1,5 физ. басма табак, 2,10 шарттуу басма табак, 2,0 учеттук басма табак. Нускасы 2000. Заказ № 1396. Баасы 15 т.

«Мектеп» басмасы
720361, ГСП, Фрунзе ш., Совет көчөсү, 170.

Чүй өндүрүштүк «Полиграфист» бирикмеси. Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча Мамлекеттик комитети.
720616, ГСП, Фрунзе шаары, Караганды көчөсү, 72.

## *КЫМБАТТУУ ОКУРМАНДАР!*

„Мектеп“ басмасы 1980-жылы „Жаш калем“ сериясы боюнча төмөндөгү чыгармаларды окурмандарга тартуулайт:

БАТЫРБАШЕВ Р. Бермет.
ӨМҮРАКУНОВ С. Тагдыр.
КУЛМАТОВА А. Досумдун медали.

15т.

## *КЫМБАТТУУ ОКУРМАНДАР!*

„Мектеп“ басмасы 1980-жылы „Жаш калем“ сериясы боюнча төмөндөгү чыгармаларды окурмандарга тартуулайт:

БАТЫРБАШЕВ Р. Бермет.
ӨМҮРАКУНОВ С. Тагдыр.
КУЛМАТОВА А. Досумдун медали.